# 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 11-мартындагы №06-1/189 буйругуна ылайык, аудитор Б.А.Рыскулиевдин жетекчилиги алдында, мамлекеттик инспекторлор Б.У.Исаков жана Э.З.Акимжанов тарабынан, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Бул аудитке карата жооптуу жак жана аудит объектиси болуп Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын жетекчилиги каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын бюджетинин аткарылышынын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык келүүсүн изилдөө саналат.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери болуп, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына шайкештик аудит жүргүзүүнү жөнгө салган ченемдик укуктук актылар болуп төмөндөгүлөр саналат:

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Бюджеттик кодекси (КР 2016-жылдын 16-майындагы №60 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтому (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-январындагы №9 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №412 "2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө" жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №160 тескемеси.

**Иштерди аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29 – мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө Колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерине ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын ишине тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички нормативдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык, маселелердин аудити жүргүзүлдү.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- *Биринчи кол коюу укугу менен:* Жетекчилер: 2021-жылдын 9-февралына чейин А.У.Токталиев, 2021-жылдын 3-июнуна чейин М.Ж.Карабаев, 2021-жылдын 3-июнунан тартып ушул кезге чейин Т.Ж.Абдыкаров;
- *Экинчи кол коюу укугу менен*: Башкы эсепчи Г.К. Нурсейитова толук аудит мезгилине.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан бюджеттин аткарылышы маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

**Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына аудит мамлекеттик инспектор З.С.Солпуева тарабынан өткөрүлгөн, жыйынтыгы боюнча (04.02.2022-жылдагы №01-23/29) 5 пунктан турган жазма буйрук берилген, анын ичинен 1.1 пункту аткарылган эмес. 2024-жылдын 2-апрелинде, аудит учурунда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин №86492 билдирүү каты менен 145,8 миң сом суммасындагы максатсыз чыгымдалган бюджеттик каражаттар бюджеттен кыскартылып, ордуна коюлган. Жыйынтыгында жазма буйруктун баардык пунктары аткарылган. Ошондой эле, (04.02.2022-жылдагы №01-23/29) 3 пунктан турган сунуштама жөнөтүлгөн, баардык пунктары аткарылган.

**Аудит объектисинин жасаган иштерине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (мындан ары – Дин комиссиясы) дин жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу боюнча иш жүргүзгөн жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын дин жаатындагы ишмердүүлүгүн координациялаган Кыргыз Республикасынын борбордук органы болуп саналат.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндө орун алган эң маанилүү иштеринин бири жалпы республика боюнча диний объекттерге мониторинг жүргүзүү болду. Аталган мониторингдин жыйынтыгында 244 мечит, 43 диний окуу жайы, 17 намазкана, 12 христиан багытындагы диний объекттер мыйзамдын талаптарын сактабагандыгы үчүн убактылуу

жабылып, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин кызматкерлери тарабынан 31 факты катталган.

2023-жылы 434 мечит, 22 диний окуу жайы, 8 диний уюм жана 22 миссионер Дин комиссиясынын каттоосунан өттү. Мындан сырткары 3 мечит, 1 диний окуу жайы, 29 миссионер кайрадан каттоодон өткөн.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн тиешелүү чаралар көрүлүп, 26 диний уюм, 2 диний окуу жайы жоюлган. 74 диний уюмга жана 15 диний окуу жайга жазуу жүзүндө эскертүү берилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №27 "Калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө" Жарлыгынын негизинде «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу максатында диний уюмдарды эсептик жана кайра каттоо процесси толук санарип форматына өткөрүлдү жана Дин комиссиясынын веб-сайты жаңыдан жасалып, жарандардын кайрылуулары, арыздары жана диний уюмдардын жылдык отчеттору онлайн түрдө кабыл алына баштады.

Сауд Аравия Королдугунун Ажылык жана умра министрлиги менен Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын (мындан ары – КМДБ) ортосундагы келишимдин негизинде, 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын жарандарына 6110 квоталык орун бөлүнгөн. 2023-жылдагы өткөрүлгөн ажылык иштерин координациялоочу убактылуу республикалык штабдын чогулушунун негизинде ар бир ажыга баруучу адамга түзүлгөн калькуляция 3 900 АКШ доллары өлчөмүндө бекитилген. Бул сумма 2022-жылга салыштырмалуу 600 АКШ долларына арзан болгон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-июнундагы №322 тескемеси менен бекитилген "Сирия Араб Республикасынын лагерлериндеги жана түрмөлөрүндөгү Кыргыз Республикасынын жарандарын репатриациялоо" боюнча иш-чаралар планына ылайык Чолпон-Ата шаарында жайгашкан «Алтын балалык» транзиттик борборго 2023-жылдын 13-мартынан декабрь айына чейин репатрианттарга ар бири 1 айдан 3 поток теологиялык коштоо уюштурулган.

Бүгүнкү күнгө чейин Ирак жана Сириядан жалпы 392 жаран (84 аял, 308 жаш өспүрүм) алынып келинген.

## Бюджеттик каражаттар боюнча сметанын туура түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүү

2021-жылдын башына смета 21 424,8 мин сомго каралган, жыл ичинде такталган смета 23 393,0 миң сомго бекитилген, кассалык чыгаша 22 246,3 миң сомго аткарылган, чыныгы чыгашалар 21 271,2 миң сомго чыгышталган. Ал эми жалпы кассалык чыгашанын 79,4% пайызын эмгек маяна түзөт. Беренелер боюнча алганда:

1. Эмгек маяна беренеси боюнча (211) баштапкы смета 17 695,3 миң сом, такталган смета 16 851,0 миң сом, кассалык чыгаша 16 093,0 миң сом,

чыныгы чыгаша 15 828,8 миң сом. Такталган сметага салыштырганда чыныгы чыгаша 1 022,2 миң сомго аз эсептелген. Чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 264,2 миң сомго ашыкча чыгымдаган, себеби өткөн жылдын аягында социалдык фондго 264,2 миң сом кредитордук карызы жабылган.

2. Социалдык фондко төгүмдөр беренеси боюнча (212) баштапкы смета 2 538,5 миң сом, такталган смета 2 538,5 миң сом, кассалык чыгаша 2 433,2 миң сом, чыныгы чыгаша 2 082,3 миң сом. Чыныгы чыгашага салыштырганда кассалык чыгаша 350,9 миң сомго көп которулган.

3. Кызматтарды жана буюмдарды пайдалануу беренеси боюнча (221) баштапкы смета 740,5 миң сом, такталган смета 3 508,3 миң сом, кассалык чыгаша 3 306,5 миң сом, чыныгы чыгаша 2 720,8 миң сом. Такталган сметага салыштырганда кассалык чыгаша 201,8 миң сомго аз каржыланган, себеби өткөн жылдын аягында 201,8 миң сомго кредитордук карыз жабылган.

2022-жылдын башына смета 25 424,8 мин сомго каралган, такталган смета 35 191,0 миң сом, кассалык чыгаша 31 216,3 миң сом, чыныгы чыгаша 31 662,4 миң сом. Жалпы кассалык чыгашанын 79,8% пайызын эмгек маяна түзөт.

1. Эмгек маяна беренеси боюнча (211) баштапкы смета 17 695,3 миң сом, такталган смета 24 313,5 миң сом, кассалык чыгаша 21 776,7 миң сом, чыныгы чыгаша 22 241,6 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 6 618,2 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 464,9 миң сомго аз чыгымдаган.

2. Социалдык фондго төгүмдөр беренеси боюнча (212) баштапкы смета 2 538,3 миң сом, такталган смета 3 738,0 миң сом, кассалык чыгаша 3 047,8 миң сом, чыныгы чыгаша 3091,0 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 1 199,7 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 43,2 миң сомго аз чыгымдалган.

2023-жылдын башына смета 25 917,6 мин сомго каралган, такталган смета 46 020,7 миң сом, кассалык чыгаша 44 042,6 миң сом, чыныгы чыгаша 43 148,3 миң сом. Жалпы кассалык чыгашанын 83,3% пайызын эмгек маяна түзөт.

1. Эмгек маяна беренеси боюнча (211) баштапкы смета 17 695,3 миң сом, такталган смета 33 997,8 миң сом, кассалык чыгаша 33 097,8 миң сом, чыныгы чыгаша 32 575,9 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 16 302,5 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 521,9 миң сомго көп чыгымдалган, себеби өткөн жылдын аягында калган кредитордук карызы жабылган.

2. Социалдык фондго төгүмдөр беренеси боюнча (212) баштапкы смета 2 538,3 миң сомго бекитилген, такталган смета 4 766,7 миң сом, кассалык чыгаша 4 477,1 миң сом, чыныгы чыгаша 4 317,6 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 2 228,4 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 159,5 миң сомго көп чыгымдалып, дебитор болуп өткөн.

3. Иш сапар чыгымдары беренеси боюнча (2211) баштапкы смета 1 293,7 миң сом, такталган смета 1 154,1 миң сом, кассалык чыгаша 1 154,1 миң сом, чыныгы чыгаша 1 367,6 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 139,6 миң сомго азайтылган, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 213,5 миң сомго аз чыгымдалган.

4. Ижаралык акы беренеси боюнча (2213) баштапкы смета 1 296,9 миң сом, такталган смета 2 824,7 миң сом, кассалык чыгаша 2 824,6 миң сом, чыныгы чыгаша 2 629,7 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 1 527,8 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 194,9 миң сомго көп чыгымдалган, дебитордук карыз болгон.

5. Транспортук кызмат көрсөтүү беренеси боюнча (2214) баштапкы смета 494,4 миң сом, такталган смета 494,4 миң сом, кассалык чыгаша 456,7 миң сом, чыныгы чыгаша 344,4 миң сом. Чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 112,3 миң сомго көп чыгымдалган, дебитордук карыз болгон.

6. Товарларды жана кызматтарды сатып алуу беренеси боюнча (2215) баштапкы смета 617,8 миң сом, такталган смета 852,1 миң сом, кассалык чыгаша 788,1 миң сом, чыныгы чыгаша 532,3 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 234,3 миң сомго көбөйтүлгөн, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 255,8 миң сомго көп болуп, кредитордук карыз төлөнгөн.

7. Товарларды сатып алуулар беренеси боюнча (2222) баштапкы смета 651,0 миң сом, такталган смета 600,7 миң сом, кассалык чыгаша 66,6 миң сом, чыныгы чыгаша 683,2 миң сом. Баштапкы сметага салыштырмалуу такталган смета 50,3 миң сомго азайтылган, чыныгы чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 616,6 миң сомго аз чыгымдалган.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын аягында кассалык чыгашалар социалдык фондго төлөмдөр беренеси боюнча 159,5 миң сомго, ижаралык акы беренеси боюнча 194,9 миң сомго, транспортук кызмат көрсөтүү беренеси боюнча 112,3 миң сомго көп чыгымдалып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 7-пунктун бузуу менен, дебитордук карыздын өсүшүнө жол берилген..

Дин комиссиясында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен 2024-жылдын 14-майындагы №91386 маалымкат билдирүү (справка уведомление) менен социалдык фондго төлөмдөр беренеси боюнча 159,5 миң сом, транспорттук кызмат көрсөтүү беренеси боюнча 112,3 миң сом суммалары 2024-жылга республикалык бюджеттен кыскартылган.

**Сунуш**

Ижаралык акы беренеси боюнча 194,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыздарды жоюу боюнча тиешелүү иш алып барылсын.

## Кыргыз Республикасынын Президентинин фондусунан бөлүнгөн акча каражатын талдоо

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 22-августундагы №153 тескемеси ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №412 “2021-2026-жылдардагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө” жарлыгы менен бекитилген концепцияны ишке ашыруу максатында, “Дин жана глобалдык чакырыктар” аталышындагы V эл аралык конференциясын өткөрүү үчүн, Дин комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президентинин фондусунан 4 045,8 миң сом бөлүнуп, республикалык бюджеттен каржыланган.

2023-жыл ичинде V эл аралык конференциясын өткөрүү үчүн 3 878,6 миң сом чыгымдалган жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин 8-пунктуна ылайык жургүзүлгөн. Пайдаланылбай калган 167,2 миң сом суммасындагы акча каражаты республикалык бюджетке кайтарылып берилген. Конференцияга чыгымдалган 3878,6 миң сом төмөндөгүлөргө багытталган: 1508,2 миң сом – Мамлекеттик резиденцияга конокторду тосуу боюнча иш чараларга, 268, 0 миң сом – синхрондук котормого, 219,0 миң сом – буклеттерди дярдоого, 121,4 миң сом - папкаларды даярдоого, 113,2 миң сом – конокторду ташуу үчүн транспорттук кызматтарга, 24,0 миң сом – баннер даярдоого, 57,9 миң сом – “Манас” камералык оркестрине, 80,0 миң сом - бланктарды, чакырууларды даярдоого жана башкаларга.

Конференция Дин комиссиясы тарабынан 2023-жылдын 22-23-ноябрында “Ала-Арча” №1 мамлекеттик резиденциясында өткөрүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын начальниги А.Н. Исанов тарабынан 2023-жылдын сентябрь айында бекитилген 2023-жылдын 23-ноябрында өтө турган “Дин жана глобалдык чакырыктар” V эл аралык конференциясын даярдоо жана өткөрүү боюнча иш-чаралар планынын 11-пунктунда Конференцияны өткөрүү үчүн бюджетти түзүү каралган. Бирок, Дин комиссиясы тарабынан бул бекитилген бюджет аудитке берилген эмес.

Конференцияга чыгымдалган 3878,6 миң сомдун ичинен 1000,5 миң сом Дин комиссиясынын координациялык иш уюштуруу бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Бектур уулу Ормондун жеке картасына которулган (2023-жылдын 12-октябрында 320 500 сом, 14-ноябрында 220 000 сом, 17-ноябрында 110 000 сом, 22-ноябрында 350 000 сом). Алар төмөндөгүлөргө жумшалган: 19 970 сомго конференцияга катышкан конокторго тамак-аш берилген, 11 209 сомго диктофон, 491 779 сомго тыштан келген конокторго авиабилеттер, 477 542 сомго конокторго баалуу белектер алынган. Бул чыгымдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2 буйругунун (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1 буйругунун негизинде

күчүн жоготкон)120-пунктунун негизинде өкүлчүлүк чыгымдарына кирет. Ушул эле буйруктун 121, 122, 123-пунктарына ылайык, иш-чараларды өткөрүү учурунда бюджеттик мекеменин жетекчиси тарабынан буйрук чыгарылган эмес, ошондой эле, иш чаранын сметасы аудитке берилген эмес.

Дин комиссиясы тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн буйруктун 121, 122, 123 пунктарынын талаптары аткарылган эмес.

**Сунуш**

Өкүлчүлүк чыгымдарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1 буйругунун 120-123 пунктарынын талаптары так аткарылсын.

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын резервдик фондусунан бөлүнгөн акча каражатын талдоо

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-июнундагы №322 тескемеси менен бекитилген "Сирия Араб Республикасынын лагериндеги жана түрмөлөрүндөгү Кыргыз Республикасынын жарандарын репатриациялоо" боюнча иш-чаралар планын аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын резервдик фондунан 2023-жылдын 30-мартындагы №160 тескемеси менен 4 000,0 миң сом бөлүнүп берилген.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын резервдик фондусунан бөлүнгөн 4000,0 миң сом акча каражатына смета бекитилген. Кассалык чыгашасы 2 301,4 миң сомго чыгымдалган, колдонулбаган 1698,6 миң сому республикалык бюджетке кайтарылып берилген.

Эмгек акы беренеси боюнча смета 2 386,6 миң сомго бекитилген, кассалык чыгымдар 1 064,5 миң сомго чыгымдалган, накта чыгашалар 1 046,5 миң сомго эсептелген. Жыл башындагы сметага салыштырмалуу кассалык чыгаша 1 322,1 миң сомго аз чыгымдалган. Накта эсептелген чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 18,0 миң сомго ашык которулуп, дебитордук карыз келип чыккан.

Иш сапардык чыгымдар беренеси боюнча сметага 1 101,7 миң сом каралган, кассалык чыгаша 1236,9 миң сомго чыгымдалган, накта чыгаша 961,9 миң сомго эсептелген, жыл башында каралган сметага салыштырмалуу кассалык чыгаша 135,2 миң сомго ашык чыгымдалган. Накта эсептелген чыгашага салыштырмалуу кассалык чыгаша 275,0 миң сомго ашык чыгымдалып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 7-пунктун бузуу менен, дебитордук карыздын өсүшүнө жол берилген.

**Сунуш**

Эмгек акы беренеси боюнча 18,0 миң сом суммасындагы жана иш сапардык чыгымдар беренеси боюнча 275,0 миң сом суммасындагы дебитордук карыздарды жоюу боюнча тиешелүү иш алып барылсын.

**Негизги каражаттардын, материалдык баалуулуктардын жана транспорттордун сакталышына жүргүзүлгөн аудит**

Дин комиссиянын маалыматы боюнча, балансдагы баасы 1960,9 миң сом, мамлекеттик номери 01кg 322 "Hyundai H-1" үлгүсүндөгү автоунаанын жетишсиздиги аудитке чейин аныкталган. Мамлекеттик комиссия Ички иштер министрлигинин Биринчи май райондук башкармалыгына айдоочу мамлекеттик автоунааны себепсиз кайтарып бербегендиги үчүн чара көрүү тууралуу арызы менен кайрылган.

**Аныкталды жана корутунду**

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2022-жылдын 12-июлундагы чыккан өкүмүнүн негизинде Дин комиссиясынын мурдагы айдоочусу Азимжан уулу Ринат соттолуп, "Hyundai H-1" үлгүсүндөгү автоунаа өндүрүлүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн. Азыркы убакытка чейин Дин комиссиясынын мурдагы айдоочусу Азимжан уулу Ринат тарабынан "Hyundai H-1" автоунаасы ордуна коюлган эмес. Бүгүнкү күндө "Hyundai H-1" үлгүсүндөгү автоунаа Дин комиссиясынын балансында көрсөтүлгөн.

**Сунуш**

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2023-жылдын 12-январындагы "Hyundai H-1" үлгүсүндөгү автоунаа өндүрүлүүгө тийиш деген чечиминин негизинде, Дин комиссиясы тарабынан Биринчи май райондук сот аткаруучуларына кайрылуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Дин комиссиясы боюнча 2021-жылдын ичинде алынган күйүүчү майлар (бензин) жол баракчалары жок 94,0 миң сомго негизсиз чыгымдалып, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун 246 пунктун бузууга алып келген (Жобо аудит мезгилинде күчүндө болгон, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2 жана 2024-жылдын 22-январындагы №1 буйруктары менен күчүн жоготкон). Негизсиз чыгымдалган 94,0 миң сомдун ичинен 2021-жылдын 11-февралына чейин 950 литр бензин - 29,9 миң сомго, 2021-жылдын 21-июнунан баштап 2021-жылдын 31-декабрына чейин 1060 литр бензин - 64,1 миң сомго.

**Сунуш**

Күйүүчү майлардын бардык түрлөрүнө чыгымдарды эсептен чыгарууда жол баракчаларынын болушу жана тиешелүү түрдө толтурулушу камсыз кылынсын.

**Диний кырдаалды изилдөө борборунун атайын каражат эсебинин сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы**

Дин комиссиясынын алдындагы Диний кырдаалды изилдөө борборунун 2021-жылга киреше бөлүгү боюнча смета 15 300,0 мин сом суммасында бекитилген, такталган смета 15 300,0 мин сомду түзүп, накталай акча каражаты 1 414,0 миң сом суммасында түшкөн. Чыгаша бөлүгү боюнча смета

15 300,0 миң сом суммасында бекитилген, такталган смета 15 300,0 миң сомду түзүп, кассалык чыгаша 1 409,5 миң сом жана чыныгы чыгаша 1 681,5 миң сом суммаларында чыгымдалган. 2021-жылдын аягында казынада акча каражатынын калдыгы 4 593 сом болгон.

2022-жылга киреше бөлүгү боюнча смета 16 962,9 мин сом суммасында бекитилген, такталган смета 16 962,9 мин сомду түзүп, накталай акча каражаты 1 665,0, миң сом суммасында түшкөн. Чыгаша бөлүгү боюнча смета 16 962,9 миң сом суммасында бекитилген, такталган смета 16 962,9 миң сомду түзүп, кассалык чыгаша 1 658,8 миң сом жана чыныгы чыгаша 1 849,1 миң сом суммаларында чыгымдалган. 2022-жылдын аягына казынада акча каражатынын калдыгы 10 818 сом болгон.

2023-жылга киреше бөлүгү боюнча смета 17 074,3 мин сом суммасында бекитилген, такталган смета 4 080,8 мин сомду түзүп, накталай акча каражаты 3 121,8 миң сом суммасында түшкөн. Чыгаша бөлүгү боюнча смета 17 074,3 миң сом суммасында бекитилген, такталган смета 4 091,6 миң сомду түзүп, кассалык чыгаша 3 132,5 миң сом жана чыныгы чыгаша 3 261,9 миң сом суммаларында чыгымдалган.

**Аудитор** **Б.А. Рыскулиев**